БЕКИТЕМ
ОшМУнун ректору,профессор
_____________ К.Г.Кожобеков
«____»__________2023-жыл

# ОшМУнун алдындагы “Адис” окуу борборунун жобосу

Ош-2023

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул жобо Ош мамлекеттик университетинин алдындагы “Адис” окуу борборунун (мындан ары - окуу борбору) каржылык ишмердүүлүгүнүн укуктук, уюштуруучулук негиздерин жана максаттарын, ишмердүүлүктүн багыттарын, структурасын, кезматкерлердин укук-милдеттерин аныктайт.

2. Окуу борбору ОшМУнун ректорунун 2012-жылдын 19-декабрындагы №562 “ОшМУнун алдындагы Адис окуу борборун түзүү тууралуу” буйругунун негизинде түзүлгөн.

3. Окуу борборунун толук аталышы:

- ОшМУнун алдындагы “Адис” окуу борбору;

4. Окуу борбору юридикалык жак болуп эсептелбейт, эсептик, валюталык жана башка банктык бөлөк кредиттик мекемелердеги эсепке жана өз алдынча балански ээ эмес.

5. Окуу борбору тууралуу ЖОБО, анын түзүмү, штаттык бирдиги ОшМУнун ректору тарабынан бекитилет.

6. Эгерде борбордун жетекчилигинин чечими университеттин кызыкчылыгы менен ажырымдалса, университет каалаган учурда борбордун ишмердүүлүгүн жөнгө салууга укуктуу.

7. Окуу борборун кайра түзүү жана ишмердүүлүгүн токтотуу ОшМУнун ректорунун буйругу менен аныкталат.

8. Окуу борборуна мүлктөр ыкчам башкаруу укугунун негизинде берилет.

9. Окуу борбору Кыргыз Республикасынын “Билим берүү тууралуу” Мыйзамынын билим берүү мекемелери үчүн аныкталган беренесине ылайык ыкчам башкаруу укугунун негизинде берилген мүлктөрдү колдонууга укуктуу.

10. Борбордун ишмердүүлүгү ОшМУнун электрондук китепканасынын китеп фонду, билим берүү программаларынын аткарылышын көзөмөлдөө жана кошумча билим берүү программаларынын мониторинги менен камсыздалат.

11. Окуу борбору билим берүү боюнча ишмердүүлүк укугуна Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен лицензияларды алган мөөнөттөн баштап ээ болот.

12. Окуу борбору өзүнүн ишмердүүлүгүн КРнын нормативдик-укутук актыларына, ОшМУнун уставына жана нормативдик-укуктук актыларына, ушул жобого ылайык жүргүзөт.

13. Окуу борбор жөнүндөгү Жобого толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү аныкталган тартипте ОшМУнун ректорунун буйругу аркылуу жүргүзүлөт.

14. Окуу борбор өзүнүн финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүн ОшМУнун борбордук бухгалтериясы аркылуу ишке ашырат. Борборду каржылоо булактары угуучулардын төлөмдөрүнөн, университеттин максаттуу келишимдик иштерди аткарууга бөлүнүүчү ички каражаттарынан ошондой эле грант берүүчүлөрдүн жана коммерциялык түзүмдөрдүн каражаттарынан түзүлөт.

15. Окуу борборунун Жобосу анын уюштуруучусу (ОшМУ уюштуруучусу болуп эсептелет) тарабынан бекитилет.

16. Окуу борборунун дареги-Ош ш., Ленин көчөсү, 333;

## 2. Окуу борборунун максаты, милдеттери жана укуктары

17. Окуу борбордун КРнын Билим берүү жана илим министрлигинен алынган лицензиялардын негизинде иштелип чыккан окуу программалары боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырууда ишмердүүлүгүнүн негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- эл чарбасынын баардык чөйрөсүндө кесипкөйлүк компетентүүлүгүн түзүүгө багытталган, өзүн-өзү калыптандыруу жөндөмүнө жана чыгармачыл ой жүгүртүүгө ээ болгон угуучуларды профессионалдуу адистештирүү;
- эмгек базарында университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн атаандаштыкка болгон жөндөмдүүлүгүн жогорулаттуу;
- кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруунун негизинде адистерди професионалдуу кайра даярдоо;
- профессионалдуу окутуунун жаны багыттарын, окуу курстарын, окутуунун интенсивдүү технологияларын апробациялоо жана аларды билим берүү жараянынын практикасына кийирүү болуп эсептелет.

18. Окуу борбор ОшМУнун кошумча профессионалдуу окутуу борборунун функцияларын тандоо системасын, окутууну, чыгармачыл жаштарды колдонуу жана аймактагы бизнес-чөйрө менен өз ара аракеткеттешүүнү камсыздоо аркылуу ишке ашырылат.

19. Окуу борбордун ишмердүүлүгүн максаттары жана маселелери аркылуу борбордун түзүмү, кызматкерлердин саны аныкталат.

20. Окуу борборду түздөн-түз жетектөөнү, Жободо каралган тартипте ОшМУнун ректорунун буйругу менен дайындалган директор ишке ашырат.

21. Директор борбордун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын жүзөгө ашырат, жумуштун жыйынтыгына жана смета боюнча каражаттарды максаттуу сарптоого жооп берет.

22. Конкреттүү багыттагы ишмердүүлүктү жүзөгө ашырыш учун, борбордун директору тиешелүү өнөктөштөр менен келишимдердин долбоорлорун даярдайт. Келишимдерге ОшМУнун ректору кол коет.

23. Борбордун курамында төмөндөгүдөй кызматтык орундар болот:

- Борбордун директору -1 ставка;
- Борбордун методисти -1 ставка;

24. Окуу борборго жүктөлгөн маселелерди жана функцияларды аткарууну, борбордун кызматкерлери, профессор-окутуучулардан алынган биргелешип иштөөчүлөр жана жумушка жекече иш менен камсыздоонун негизинде тартылган окуу-жардамчы персоналдар ишке ашырат.

25. Окуу борбору төмөндөгү укуктарга ээ:

- мамлекеттик билим берүү стандартына карата кошумча блоктун рамкасында окуу пландарын, дициплиналарын жумушчу программаларын иштеп чыгууга; Угуучуларды кабыл алууну жана окутуу жараянын уюштуруу;
- Алдын ала көрсөтүлгөн формадагы текшерүүдөн жана окутуу курстарынан ийгиликтуу өтүшкөн угуучуларга кошумча окугандыгы жана

квалификациясын жогорулаткандыгы тууралуу тиешелүү документ берүү;

- “Адис”ОБнун ишмердүүлүгүнө зарыл болгон окутуучуларды жана кызматкерлерди тандоону ишке ашыруу;
- Окуу-усулдук адабияттарды жана рекламалык - маалыматтык материалдарды чыгаруу;
- Семинарларды жана тегерек столдорду уюштуруу;
- Оздөрүнүн ишмердүүлүгүнө тиешелүү болгон Ош МУнун жетекчилеринин чечимдери менен таанышуу;
- Борбордун иштерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- Коюлган маселелерди аткаруунун жүрүшүнө Ош МУнун айрым структуралык бөлүмдөрүнүн, функционалдык милдеттерди квалификациялуу аткаруу учун тартуу;
- Окуу борбору угуучулардын даярдыгынын сапатына жана өзүнө алган келишимдик милдеттенмелердин аткарылышына жана ошондой эле материалдардын денгээлине жооп берет;

26. Окуу борборунун негизги өнүгүү багыттары борбордун билим берүү программалары менен аныкталат, окуу борбордун директорунун сунушу боюнча Ош МУнун ректору тарабынан бекитилет.

27. Кызматкерлерге эмгек төлөмдөрү борбордун иштеп тапкан каражаттарынан көрсөтүлгөн схемага ылайык ишке ашат.

28. Борбордун угуучулары (окуучулары) болуп окуу борборунун директору менен түзүлгөн келишимдин негизинде, ректордун буйругу менен окууга кабыл алынган КР жарандары жана чет өлкөлүк жарандар.

29. Юридикалык тараптар менен түзүлгөн келишимдин негизинде буюртма менен окуган жарандар түзөт.

30. Угуучулар кабыл алуу аңгемелешүүнүн жыйынтыгы менен жүргүзүлөт. аңгемелешүүдөн соң келишим түзүлөт жана кабыл алуу туурулуу буйрук чыгарылат.

31. Борбордун окутуучуларынын жана кызматкерлеринин эмгек катышы Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси менен аныкталат.

32. Борбордун окутуучуларынын жана кызматкерлеринин эмгегинин төлөө системасы жана формасы ОшМУдагы кыска меенеттук жана бир жолу теленуучу келишимдик акылар жөнүндөгү Жобо боюнча аныкталат. Борбор университеттин ректору тарабынан бекитилген, ОшМУ дагы эмгекке төлөө жөнүндөгү Жобонун негизинде каалаган эмгекке төлөө системасын, ушул максаттары бар каражаттардын чегинде колдонууга жана орнотууга укуктуу.

33. Угуучуларды окуудан чыгаруу

- себепсиз сабактан көп калтырса;
- окуу төлөмүн өз убагында төлөбөсө:
- жыйынтыктоочу аттестациянын талаптарын аткарбаганда
- окуу жайдын мүлктөрүнө зыян келтирсе;
- ички тартип эрежелерин сактабаса

34. Программалар боюнча билим берүү жараяны аныкталган тартипте түзүлгөн жана бекитилген Окуу пландарынын, сабактардын жадыбалынын, башка окуу усулдук документтердин негизинде уюштурулат.

35. Маселелерди чечиш үчүн борбор Ош МУнын кызматкерлеринин, окуучуларын, сырткаркы адамдары (мугалимдерди, адистери) келишим түзүү аркылуу акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүгө тартышы мумкун.

36. Окутуу жана башка кызматтар үчүн төлөм өлчөмү Келишимдин негизинде аныкталат. Келишим баасы кызмат көрсөтүүгө кеткен чыгымдардын эсеп-кысабынын негизине тараптардын макулдашуусу менен аныкталат. Кызмат көрсөтүүнүн бааларынын түзүмүн (калькуляция) борбордун жетекчиси университеттин пландоо- финансылык бөлүмү менен макулдашып иштеп чыгат жана Ош МУнун ректору тарабынан бекитилет. Төлөм өлчөмүнө (Калькуляцига) борбордун директорунун сунуштамасы менен атайын негиздемелердин негизинде ректор тарабынан өзгөртүүлөр киргизилип, бекитилиши мумкун.

37. Окуу борбор бухгалтердик эсепти, финансылык ишмердүүлүктү жана отчетту Ош МУнун бухгалтериясы аркылуу ишке ашырат.

38. Окуу борбор, финансылык-чарбалык ишмердүүлүктү чагылдыруучу документтерди жүргүзүүнү жана сактоону, борбордун бардык аракеттенүү мезгилинде камсыздайт.

39. Окуу борбор университеттин мүлкүнөн жана жабдууларынан колдонууга укукту.

## 3.Окуу борбордун негизги функциялары

40. Аталган милдеттерди аткарууда Окуу борбор төмөндөгүдөй функцияларды ишке ашырат:

- окуу борборго келген жашы чектелбеген КР жана чет өлкөлүк жарандарды окутуу жана квалификациясын жогорулатуу
- окуу куралдарын, маалымдама адабияттарын, плакаттарды жана брошюраларды иштеп чыгуу
- окутуунун натыйжалуу системасын түзүү
- окуу процессине инновациялык технологияларды колдонуу
- семинер-кеңешмелерди, тренинг жана конференцияларды өткөрүү
- чет өлкөлүк жана эл аралык мекелер, юридикалык жактар жана жеке адамдар менен окуу, илимий иш маселелери боюнча түз байланыштарды ишке ашыруу, келишимдик негизде илимий-педагогалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу
- окуу борборуна жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруу үчүн зарыл болгон башка функцияларды аткаруу

## 4.Окутуунун өткөрүү тартиби

41. Окуутуу ОшМУнун ректору тарабынан бекитилген окуу пландары аркылуу жүргүзүлөт.

Окуу тилдери: угуучулардын суроо-талаптарына жана Окуу борбордун мүмкүнчүлүгүнө жараша кыргыз, орус тилдеринде.

Окутуунун узактыгы окуу пландары менен аныкталат.

Окуу борборунда окутуудан жана кайра даярдоодон өткөн угуучулар белгиленген үлгүдөгү сертификатты алышат.

## 5.Окуу борбордун ишин уюштуруу

42. Окуу борборунун директору тарабынан коюлган маселелерди чечүү үчүн илимий жетекчинин макулдашуусу боюнча окуу дисциплиналарынын жана блокторунун тизмеси, окуу жараянынын планы иштелип чыгат, дисциплиналардын жумушчу программаларына сын берилет.

43. Окуу борборунун кадрдык курамын жана убактылуу эмгек жамаатын директордун сунушу боюнча ОшМУнун ректору бекитет.

44. Окуу сабактарын өтүү учун аудиторияларды ОшМУнун администрациясы камсыздайт.

45. Окуу борборундагы профессионалдык окутуу күндүзгү, кечки (сменалык), жекече формаларында болушу мүмкүн.

46. Окуу курстарын уюштурууда угуучулардын саны 2 ден 16га чейинки угуучулардан турган тайпалар түзүлөт. Тайпалар бир же тектеш (жакын, кошула алуучу) кесиптер, адистиктер, кызматтар, боло турган эмгек ишмердүүлүгүнүн түрлөрү боюнча, бар билиминин денгээлин, практикалык иштеринин тажрыйбасын, үйрөнүүчүлөрдүн жаш курагын жана башка факторлорун эсепке алуу менен комплектелет. Тайпадагы үйрөнүүчүлөрдүн санын азайтуу, окуу борборунун буюртмачы менен болгон келишиминин негизинде жүргүзүлөт.

47. Окуу курстарына жарандардын каалосуна жараша жекече формада окуу курстары уюштурулушу мүмкүн. Жекече окутуулар үчүн өзүнчү төлөм өлчөмү (калкульяция) бекитилип, анын негизинде төлөм төлөнөт.

48. Окуудагы жарандарды окуу сабактарынан, окуу жараяны менен байланышпаган ар түрдүү иш чараларга алагды кылууга жол коюлбайт.

49. Жарандарды окуу борборунда профессионалдуу окутуу,окуу пландарында, программаларында алдын-ала көрсөтүлгөн экзамен (жазуу түрүндө, иш жүзүндө жана ооз эки), тест менен аяктайт.

50. Окуу борбору тарабынан профессионалдык окутуунун толук курсун бүткөн жана аттестациядан ийгиликтуу өткөн угуучуларга, типографиялык номери бар белгиленген үлгүдөгү документ (сертификат) берилет.

51. Окутуу профессионалдуу билим берүү мекемелеринде, ишканалардын окуу бөлүктөрүндө колдонулуп жаткан аракеттеги билим берүү программалары боюнча, ошондой эле белгиленген тартипте бекитилген, талаптарга ылайык келүүчү, окуу борбору тарабынан бекитилген үлгүдөгү (типтүү) окуу пландарынын жана билим берүү программаларынын негизинде иштелип чыккан окуу пландары жана билим берүү программалары боюнча жүргүзүлөт. Окуу борбору базар экономикасына шартталган, принципиалдуу жаны кесиптерге, адистиктерге, ишмердүүлүк түрлөрүнө окутууда, окуу борбору тарабынан иштелип чыккан же сунушталган эксперименталдык (жекече) окуу пландарын жана билим берүү программаларын колдонот.

52. Окуу борбору өздүк окуу-өндүрүштүк жана усулдук базасын түзөт жана өнүктүрөт, өзүнүн бардык ишмердүүлүгүнө материалдык-техникалык камсыздоону иш жүзүнө ашырат.

53. Окуу борборун жетектөөнү ОшМУнун ректору тарабынан дайындалган директор жүзөгө ашырат

Окуу борбордун директору :

- борбордо күндөлук жетектөөнү жүзөгө ашырат, иш-чараларды пландайт, окуу жараянын уюштурат жана аткарылышын көзөмөлдөйт;
- окуу борборунун ишинин натыйжалуу жүргүзүү үчүн зарыл өлчөмдө материалдык- техникалык жана эмгек ресурстары менен өз убагында камсыздайт
- окуу борбордун окуу жана илимий - усулдук иштерин жетектөөнү жүзөгө

ашырат жана борборго жүктөлгөн милдеттерди аткарууда жоопкерчиликти алат. Борбордун кызматкерлерине жана мугалимдерине милдеттенмелерин бөлүштүрөт жана анын аткарылышын көзөмөлдөйт

- окуу борбордун натыйжалуу иш жүргүзүүсү үчүн укуктук, каржылык иш-кагаздарын даярдоо жана аны бекитүү учун ОшМУнун ректоруна бекитүүгө сунуштайт
- ОшМУнун ректоруна окуу борборуна кызматкерди жумушка алууда талапкерлерди сунуштайт жана кызматкерди жумушунан бошотууга сунуштама берет
- кыска мөөнөттүү курстарды окутууда окутуучуларды убактылуу келишимдик негизде жумушка тартуу, алар менен келишим түзүү жана келишим мөөнөттөрүн узартуу маселелерин чечет
- аткарылуучу жумуштардын мүнөзүнө жана көлөмүнө ылайык борбордун киреше жана чыгаша схемаларын сунуштайт
- угуучулардын окуу төлөмдөрүн университеттин эсебине кабыл алууну, борбордун окутуучуларына жана кызматкерлерине маянаны төлөөнү кошо уюштурат
- окуу борбордун кызыкчылыгындагы башка маселелерди, тапшырмаларды Университеттин Жобосуна, ушул Жобого каршы келбесе аткарылышын жана жүзөгө ашырууну камсыздайт
- алардан тышкары борбордун директору борбордун ишмердүүлүгү тууралуу маселелер боюнча ОшМУнун кызматкерлеринин кеңешмелерине, отурумдарына катышууларына укукту

## 6. Корутунду жоболор

54. Окуу борбордун ишин уюштуруу жана токтотуу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык жана Ош мамлекеттик университетинин нормативдик документтерине жүргүзүлөт.

55. Окуу борбордун иши токтотулган учурда Окуу борборунун документтери ОшМУнун архивинде сакталат жана пайдаланылат.